**Мурзаев Низамидин Токтобековичтин "Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы" деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Азыркы учурда билим, жалпы эле таалим-тарбия берүүдө, мектеп окуучуларынын чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандырып өнүктүрүүгө артыкчылыктуу маани берилүүдө. Бул тууралуу билим берүү жөнүндөгү мыйзамдан тартып, мамлекеттик жана предметтик стандарттарда, окуу программаларында, концепцияларда, илимий педагогикалык эмгектерде ж.б. маалыматтар милдеттүү түрдө берилип келет. Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүүдө кыргыз адабияты предмети башка предметтерден мазмуну жана окутуунун максат милдеттери боюнча айырмаланып турат.

Таалим-тарбия берүүдө инсанды калыптандырууда чыгармачылык активдүүлүктү арттыруунун психологиялык жана педагогикалык маселелери Ю.К.Бабанский, И.Б.Бекбоев, В.П.Беспалько, Л.С.Выготский, В.В.Давыдов, У.Э.Мамбетакунов, К.Д.Добаев, Н.Ишекеев, С.К.Рысбаев, Ж.А.Чыманов, А.Ж.Муратов, А.Э.Байсеркеев ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде каралган. Булардын ичинен А.Э.Байсеркеевдин кандидаттык жана докторлук иштери гана түздөн-түз табигый предметтерди окутууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө арналып, калган бардык изилдөөлөрдө бул проблема атайын изилденген эмес.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы педагогика илиминин бир салаасы катары калыптанып, өнүгүп, адабиятты окутууга коюлуп жаткан соңку талаптарга жооп бере ала тургандай деңгээлге жетип, К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, С.Батаканова, Н.Ишекеев, С.Момуналиев, С.Рысбаев, А.Муратов, В.Мусаева, С.Сакиева, Б.Акматов ж.б. эмгектери жарыяланган.

Кыргыз адабиятын окутууда окуучуларга дилбаян жаздыруунун методикасы боюнча окумуштуулар: Б.Алымов, С.К.Рысбаев жана А.Ж.Муратов, В.И.Мусаева, Аман кызы Бактыгүлдүн атайын эмгектери жарык көргөн, Эл мугалими Б.Исаковдун окуулук китептеринде орун берилген. Аларда дилбаян жазуунун кыргыз адабиятын окутуудагы орду,

маанисы, максат-милдеттери тууралуу жеткиликтүү материалдар берилген. Бирок “Кыргыз адабиятын жана тилин окутуунун деги эле мектеп практикасынын эң оор проблемасы да, мугалимдин биринчи “баш оорусу” да ушул дилбаян жазуу көйгөйү” (А.Муратов) бойдон калууда. Бул көйгөйдү чечүүнүн жолдорун издөө зарыл.

Дилбаян тууралуу жазылган методикалык эмгектердин дээрлик бардыгында “дилбаян – окуучунун чыгармачылык менен иштелген, жарыяланбаган чыгармасы” катары сыпатталганы менен чыгармачылык ишмердүүлүктүн табияты, аны дилбаян жаздырууда калыптандыруунун теориялык жана практикалык маселелери тууралуу маалыматтар берилбей келет. Мектеп практикасында адабиятты окутуу процессинде бул маселеге анча маани берилбейт. Изилдөөдө окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүдө төмөнкүдөй карама-каршылыктар бар экени аныкталган:

1. Билим берүүдө, инсанды калыптандырууда анын жекече ой жүгүртүүсүнө, чыгармачылыгына артыкчылыктуу маани берилип келе жатканына карабастан, практикада бул маселенин толук чечиле электиги.

2. Кыргыз адабиятын окутууда, дилбаян жаздырууда окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандырып, өнүктүрүүнүн зарылдыгы менен аны ишке ашыруунун, илимий-методикалык маселелеринин толук иштелбегендиги.

3. Кыргыз адабияты предметин окуткан мугалимдердин окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө кесиптик жактан даяр эместиги ж. б.

Аныкталган карама-каршылыктарды чечүү аркылуу дилбаян жаздырууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү максатын көздөп, диссертациялык иштин темасын “Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы” деп алынган.

**Изилдөөнүн жаңылык деңгээлин төмөнкүлөр менен аныкталат:**

1.“Чыгармачылык”, “чыгармачылык ишмердүүлүк” түшүнүктөрүнүн “дилбаян” түшүнүгү менен байланышынын, карым-катышынын такталышында;

2.Дилбаян окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн калыптандырып өркүндөтүүнүн, сабаттуулукту артыруунун негизги формасы катары аныкталышында;
3.Дилбаян жаздыруу, талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап методикасынын иштелип чыгышында.

Изилдөөнүн **максаты** орто мектепте кыргыз адабиятын окутуу процессинде дилбаян жаздыруу жана аны талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасын азыркы талаптарга шайкеш иштеп чыгуу, аларды эксперимент аркылуу текшерүү, алынган натыйжаларды мектеп практикасында колдонууга сунуш кылуу.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

1.Орто мектепте дилбаян жаздыруунун максат, милдеттерин азыркы талаптарга ылайык аныктоо;

2."Чыгармачылык", "чыгармачылык ишмердүүлүк" түшүнүктөрүнүн табиятын үйрөнүү, алардын дилбаян менен карым-катышын тактоо;
3.Дилбаян аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасын иштеп чыгуу;
4.Иштеп чыккан методиканын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү, практикада колдонууга сунуш кылуу.

Диссертациянын түзүлүшү системалуу жана логикалык жактан ырааттуу.

Диссертациянын **биринчи главасы** "Дилбаян аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн жалпы маселелери" деп аталып, эки параграфтан турат. Биринчи параграфта орто мектепте дилбаян жазуунун илимий методикалык жактан изилдениши каралган (11-29-бб.).

Кыргыз мектептеринде дилбаян жаздыруу орус адабятын окутуунун методикасы илимине негизденип пайда болуп, анын таасиринде калыптандыгы айтылат. Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун тарыхында дилбаян жазууга өткөн кылымдын 30-40-жылдары эле жалпы жазуу жумуштарынын катарында сабаттуулуктун белгиси катарында маани берилгендиги, 50-60-жылдары мектептерде дилбаян жаздырууга арналган макалалар жазылгандыгы белгиленет. Б.Алымовдун «Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери» деген китебинин жарык көрүшү жазуу жумуштары боюнча алгачкы эмгек катары маанилүү болгондугу, "Мектеп сочинениеси" аттуу китеби дилбаянды терең изилдөөгө арналган биринчи китеп экендиги, андан соң профессорлор:

А.Муратов, С.Рысбаевдин дилбаянга арналган китептери, макалалары жарык көрдүгү тастыкталат. Эл мугалими Б.Исаков, алдыңкы мугалимдер: Ж.Акматов, А.Абдразаков, Н.Абдесов ж.б. дил баянга кайрылышып, тажрыйбаларын бөлүшкөн макалалары жарык көргөндүгү, Аман кызы Бактыгүлдүн жалпы жазуу жумуштарына, анын ичинде бир главасы дилбаянга арналган диссертациясы корголдугу изилденген.

Изилдөөдө орус адабиятын окутуунун методикасында андан соң, кыргыз адабиятын окутуунун методикасында (сочинение) дилбаян деген сөз билдирген түшүнүк, ("түшүнүктүн"өзү да) көптөгөн авторлордун ой-пикирлери аркылуу аныкталдыгы, жалпыланган. Дилбаянга берилген пикирлерде "дилбаян – окуучунун чыгармасы" экендиги, дилбаян жазуу окуучунун чыгармачылыгы деген пикирлер баса белгиленгенине карабастан, "чыгармачылык", "чыгармачылык ишмердүүлүк" деген түшүнүктөрдүн мааниси чечмеленип көрсөтүлбөндүгү, ал изилдөөдө айкындалып белгиленген.

Диссертант аталган параграфта дилбаянды классификациялоо маселесине көптөгөн окумуштуу-методисттер: М.А.Рыбникова, В.В.Голубков, В.А.Никольский, А.Л. Глазунова, Ю.А Озеров кыргыз методисттери: Б.Алымов, А.Муратов, С.Рысбаев ж.б. кайрылышкандыгына жана андагы ар түрдүү көз караштар бүгүнкү күнгө чейин созулуп жатканына кеңири токтолот (18-25-бб.).

Автор, ошондой эле, мектеп дилбаянын жаздыруунун педагогикалык, башкы максаты, адабиятты окутуудагы предметтик максаты, сабактык жеке максаты, жалпы тилдик максатына токтолот (26-28-бб.).

**Биринчи главанын экинчи** параграфында "Ишмердүүлүк", "чыгармачылык" жана "чыгармачылык ишмердүүлүк" түшүнүктөрүнүн табиятына жана дилбаянга токтолгон.

Изилдөөдө чыгармачылыкка материалисттик диалектиканын позициясынан карап, анын урунттуу тыянактарына таянуу менен мамиле жасаган. Чыгармачылык – сапаттуу жаңы материалды жана рухий баалуулукту жаратуучу адамдын ишмердүүлүк процесси жана чыгармачылык адам баласына мүнөздүү ишмердүүлүк экендиги айтылат. Изилдөөдө дилбаяндын окуучуну чыгармачылыкка тарбиялоодо, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү маанисине, кызматына токтолуп, анализдеп, дилбаян окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн эң маанилүү формасы, мазмуну жана каражаты экендиги далилденет. Окуучу дилбаянында берилген тема боюнча өз алдынча коюлган маселени

ачып, өзүнүн оюн, көз карашын билдирсе, жаңы чыгарма жаратууга умтулса, андай дилбаянды чыгармачылык дилбаян жана мындай дилбаянды жазган окуучулардын чыгармачылыгы өнүгүү жолунда экендиги тастыкталган (29-46-бб.).

**Экинчи глава** "Дилбаян жаздыруу аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору" деп аталып, дилбаян жаздыруу аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методологиялык негиздери жана методдору, педагогикалык эксперименттик иш-аракеттердин жүрүшү жана анын жыйынтыктары изилденген (48-90-бб.).

Изилдөөнүн объектиси - орто мектептердин окуучуларына дилбаян жаздыруу жана аларды талдоо, баалоо процесстери, изилдөөнүн предмети – дилбаян жаздыруу жана аларды талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү болгондуктан, ага ылайык изилдөөнүн методологиясы тандалып алынган. Мектептерде дилбаян жаздыруунун негиздерин-дилбаянга коюлуучу көптөгөн талаптарды билүүнүн жана аны туура аткаруунун негизинде ишке ашырылган. Дилбаян жазуудагы тема боюнча мазмундун ачылышы, окуучунун чыгармачылык ою-идеясынын болушу, ыраттуулугу, сабаттуулугу дилбаян жазуунун негизи экендиги далилденеген. Окуучу аларды өздөштүрүп, дилбаянында чыгармачылык менен пайдаланганда гана чыгармачылыгын өнүктүрө алат. Изилдөөнүн максат-милдетине ылайык теориялык төмөнкүдөй методдор колдонулган: билим берүүгө, кыргыз адабиятын окутууга арналган нормативдүү документерди үйрөнүү, илимий методикалык эмгектерди талдоо, салыштыруу, практикалык тажрыйбаларды талдоо, салыштыруу, жалпылаштыруу, сурамжылоо, аңгемелешүү, окуучулардын жазган дилбаяндарын талдоо жана алардын ичинен чыгармачылык менен жазылган дилбаяндардын санын аныктоо аркылуу чыгармачылыкка умтулусун аныктоо, үйрөнүү колдонулган.

Педагогикалык-эксперименттик методдор катары сабактарга катышуу, мугалимдер жана окуучулар менен конкретүү темаларда аңгемелешүү, сабактардын план-конспетисин түзүү, чыгармачылык, чыгармачылык ишмердүүлүк боюнча түшүнүктөрүн кеңейтүү, чыгармачылык менен дилбаян жаздырууга даярдануу, жаздыруу, талдоо, анализдөө, кемчиликтерди жоюу, сабактардын моделин жаңылоо, өркүндөтүү, дилбаяндардын конкурсун уюштуруу, жыйынтыктоо колдонулган. Натыйжада, дилбаян жазууга, жаздырууга, чыгармачыл ишмердүүлүккө болгон тоскоолдуктар аныкталып, аларды жоюунун чаралары көрүлгөн.

Алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары жайылтылган. Мыкты чыгармачылык менен жазылган дилбаяндар үлгү катары паралель класстарда жайылтылган.

Жүргүзүлгөн эксперименттин үч этабында, анын жүрүшүндө жана жыйынтыктарында изилдөөнүн натыйжалары апробацияланган, тыянактарынын тууралыгы тастыкталган (78-90-бб.).

**Үчүнчү глава** “Дилбаян жаздыруу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасы” деп аталып, адабияттык окуу курсунда V-VII класстарда дилбаян жаздыруу менен окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн формалары жана методдору иштелип чыккан (92-127-бб.). Ошондой эле, адабияттык окуу курсунда VIII- IX класстарда дилбаян жаздыруу, талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын белгилеген (127-141-бб.).

1.Дилбаян жаздырууну чыгармачылык ишмердүүлүк катары таануусу;
2. Дилбаян жаздырууну жыл башынан пландаштыруусу;

3. Окуу жылы ичинде окула турган көркөм чыгармалардын болжолдуу тизмесин класска жазып илүү;

4. Окуу жылында жазыла турган дилбаяндардын болжолдуу тематикасын даярдоо, класстык бурчка киргизүү;

5. Кошумча адабияттардын тизмесин түзүү жана аларды окуучуларга жеткирүү;

6. Класс жогорулаган сайын тема, идея, образ системасы боюнча окуучулардын түшүнүгүн жогорулатуучу материалдарды берүү;

7. Чыгарманы сюжеттик, композициялык, стилдик, текстик, тилдик жактан адабий талдоодо алардын өзгөчөлүгүн окуучуга жеткире билүү;

8.Дилбаян жазуунун темасын, ордун, убактысын белгилөө;

9. Дилбаянды жаздыруу, дил баяндын жазылуусун камсыздоо;

10. Дилбаянды астейдил, чыгармачылык менен терең талдоо;

11. Окуучунун берилген теманы жаңыча чечүсүнө көңүл буруу;

12. Дилбаянга коюлган баанын тууралыгы, окуучу эмне үчүн ушундай баа алганын түшүнүүсүнө жетишүү;

13. Чыгармачылыкка тоскоол болуучу шарттарды билүүсү жана аны окуучуларга түшүндүрүүсү.

Окуучулар тарабынан аткарылуучу шарттарга төмөнкүлөр кире тургандыгы белгиленет:

1. Дилбаян жазууну чыгармачылык ишмердүүлүк катары таануусу;

2. Окуучунун чыгарманын көркөм тексти менен таааныш болуусу, башкача айтканда, аны окуусу;

3. Ал чыгарма боюнча окуу китебиндеги текстти окуп түшүнүшү;

4. Чыгарма, анын автору боюнча өтүлгөн сабактарга катышуусу жана көз карашы болуусу;

5. Чыгарма боюнча идеялык тематикалык, образ, образдар системасы, композициялык, сюжеттик талдоолорго катышуусу жана алар боюнча түшүнүгү болушу;

6. Жаңы өтүлгөн чыгарма боюнча дилбаян жазууда анын планын түзүүгө мүмкүнчүлүгүнүн (билим, билгичтиги,көндүмдөрүнүн) болушу жана аны өркүндөтүп турушу;

7. Кошумча адабияттарды окуу, изденүү, ичтен даярдануу;

8. Мугалим жана окуучулар, үй-бүлө мүчөлөрү менен аңгемелешүү;

9. Дилбаянды жаза аламын деген ишенимге келүү (өзүн сындоодон, сырткы сындын коркунучунан арылуу);

10.Теманы жаңыча чечүүгө аракеттенүү;

11. Кийинки дилбаян жазууда мурун кетирген каталарын жоюуга, жетишкендиктерин өрчүтүүгө аракеттенүү;

12. Чыгармачылыкка тоскоол болуучу шарттарды билүүсү (137-137-бб.).

Ошондой эле, аталган главада адабияттын системалык курсунда X-XI класстарда дилбаян жаздыруу, талдоо, текст менен иштөө аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери изилденген (141-162-бб.).

Негизинен, диссертациялык иште орто мектептерде дилбаян жазуу жумуштарынын жалпы маселелери изилденген, дилбаян жазуу жумуштарынын максат, милдеттери такталган. “Ишмердүүлүк”, “чыгармачылык” жана “чыгармачылык ишмердүүлүк” түшүнүктөрүнүн табияты ачылып, дилбаян жазууда чыгармачылык менен колдонуу сунушталган. Мектепте дилбаян жаздыруу аркылуу окуучулардын

чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методологиялык негиздери айкындалып, методдору иштелип чыккан.

Педагогикалык эксперименттик иштер жүргүзүлүп анын жыйынтыктары чыгарылып, орто мектепте дилбаян жаздыруу аркылуу окуучуларды чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы иштелип чыккан.

Иштин аягында изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары, корутундулар жана практикалык сунуштар, адабияттардын тизмеси, тиркеме берилген.

Мурзаев Низамидин Токтобековичтин "Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы" аттуу диссертациялык ишинде берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы жогору жана анын практикалык мааниси боюнча дилбаян жаздыруу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө методист-окумуштуулар жана мугалимдер пайдалануу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин саны – 20 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Диссертациялык изилдөөдө дилбаян жаздыруу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери теориялык жана практикалык орчундуу маселелери ийгиликтүү аныкталышы менен бирге, иштин жалпы сапатына анча таасир эте албаган айрым кемчиликтер да кездешет.

Алар:

1.Үчүнчү главанын биринчи параграфында V-VII класстарда дилбаян жаздыруу менен окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн формалары жана методдору тереӊ иштелбей калган.

2. Үчүнчү главанын экинчи параграфында X-XI класстарда дилбаян жаздыруу, талдоо, текст менен иштөө аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери солгун жазылып калган.

Ырас, жогоруда айтылган сунуштар иштин илимий мазмунуна терс таасирин тийгизбейт, диссертация дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу

окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы багытында кыргыз педагогика илиминде ыраатуу жана учур талабына ылайык иштелип чыккан олуттуу эмгек болуп саналат.

**Жыйынтыктап айтканда,** Мурзаев Низамидин Токтобековичтин "Дилбаян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы" аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Мурзаев Низамидин Токтобекович аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Мамлекеттик тил**
**жана тарбия иштери боюнча проректору,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Батаканова С.Т.**

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.18.580
18.03.2020г
Уч. секр. ДС: Осмоналиева Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ